4. Гуманистические воспитательные системы вчера и сегодня (в описаниях их авторов и исследователей). Под общей ред. Н.Л. Селивановой. – М.: «Пед. Общество России», 1998. – 336 с.
5. Камаков А.О. Эстетическое воспитание учащихся 4-6 классов средствами декоративно-прикладного искусства (на материале народного декоративно-прикладного искусства Казахстана): Автореф...кан.пед.наук: 13.00.01. М., 1982. – 17 с.
6. Возрастная и педагогическая психология: Учебник для студентов пединститутов /В.В.Давыдов, Т.В.Драгунова, Л.В.Ительсон и др.: Под ред. А.В.Петровского 2 изд. – М., 1979. – 288 с.
7. Краевский В.В. Проблемы построения целостной теории содержания образования и процесса обучения. Сб. научных трудов. Челябинск: ЧГПИ, 1988. – 138 с.

УДК 371.4
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-349-357

**Жуматаева А.С., Сейдалиева Г.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Жуматаева А.С., Сейдалиева Г.А.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Zhumataeva A.S., Seidalieva G.A.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0006-2344-0000, SPIN-код: 7664-6397 [1]
ORCID: 0009-0001-2886-1502 [2]

# КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРГА КЛАССТАН СЫРТКАРКЫ ИШТЕРДЕ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ
# ПРОВЕДЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ВО ВНЕ КЛАССНОЙ РАБОТЕ
# CONDUCTING ENVIRONMENTAL EDUCATION OF YOUNGER SCHOOLCHILDREN OUTSIDE THE CLASSWORK

**Аннотация:** Учурдагы татаал жана карама-каршы тенденцияларга толгон дүйнөдө экологиялык көйгөйлөр глобалдык масштабга өткөндүгү баарыбызга маалым. Мындай абалды мүнөздөөдө жаратылышта окуучуларга табият кубулуштарын өз алдынча байкоону уюштуруу боюнча мектеп программасын жана алардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен элдик педагогиканын негизинде даярдалган атайын тапшырмалардын тарбиялык таасири өтө зор экендигин авторлор баяндашты. Макалада авторлор окуучулардын эстетикалык жактан кабылдоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатында табият жөнүндөгү кыргыз акын-жазуучуларынын ырларын жана аңгемелерин окуу уюштуруу, класстык табият таануу бурчтарын жасалгалоо, өз чыгармаларында туулган жердин сулуулугун даңазалаган композиторлор, сүрөтчү-пейзажисттер тууралуу аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө белгилешти. Элдик педагогиканын каражаттарын класстан сырткаркы ишмердүүлүктө пайдалануу анын мазмундук жагын күчөтүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Окуучулардын курчап

турган чөйрөнүн сулуулугун кабылдоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда жана табиятка кылдат мамиле жасоого мугалимдин үйрөтүү иштери өзгөчө мааниге ээ болоору тастыкталды. Макаланын корутунду бөлүгүндө башталгыч класстын окуучуларына экологиялык тарбия берүү боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгарууда табият таануу жумалыгы, токойлорду, бактарды коргоо боюнча атайын ишембиликтерди, конкурстарды, кечелерди, көргөзмөлөрдү ж.б.д.у.с. класстан сырткаркы иш-чараларды өткөрүү зарылдыгы жазылды.

**Аннотация:** Сегодня всем известно, что наполняющие мир сложные и противодействующие тенденции довели экологические проблемы до глобального масштаба. Авторы описывают большое воспитательное воздействие специально подготовленных зааний по школьной программе на основе народной педагогики с учетом возрастных особенностей учащихся по организации самостоятельных наблюдений природных явлений. В статье отмечено в целях развития способностей ученика эстетического восприятия природы о проведении собеседований с художниками-пейзажистами, композиторами, прославляющими в своих произведениях красоту родной земли, организации чтения стихов и повестей поэтов, писателей, классных уголков естествознания. Подтверждается, что созданы возможности усиления содержательной стороны использования средств народной педагогики во внеклассной деятельности. Особое значение придается работе учителя для научения учащихся осторожного подхода к природе, способности восприятия красоты окружающей среды, усилению содержательной стороны использования средств народной педагогики во внеклассной деятельности. В заключительной части при подведении итогов экологического воспитания учащихся начальных классов описана необходимость проведения таких внеклассных мероприятий как недели естествознания, специальных субботников по защите лесов, деревьев, конкурсы, вечера, выставки и т.п.

**Abstract:** Today, everyone knows that the complex and countervailing trends that are filling the world have brought environmental problems to a global scale. The authors describe the great educational impact of specially prepared lessons for the school curriculum based on folk pedagogy, taking into account the age characteristics of students in organizing independent observations of natural phenomena. In the article, in order to develop the student's abilities of aesthetic perception of nature, it is noted to conduct interviews with landscape painters, composers who glorify the beauty of their native land in their works, to organize the reading of poems and stories of poets, writers, and classrooms of natural science. It is confirmed that opportunities have been created to strengthen the content side of using the means of folk pedagogy in extracurricular activities. Particular importance is attached to the teacher's work to teach students a cautious approach to nature, the ability to perceive the beauty of the environment, to strengthen the content side of the use of folk pedagogy in extracurricular activities. In the final part, when conducting the results of environmental education of primary school students, the need for such extracurricular activities as weeks of natural science, special subbotniks to protect forests, trees, contests, evenings, exhibitions, etc. is confirmed.

**Негизги сөздөр:** башталгыч мектеп, экологиялык тарбиялоо, класстан сырткаркы иштер, элдик педагогика, экскурциялар, табият кубулуштары, кыргыз жаратылышы, эмгекке тарбияолоо

**Ключевые слова:** начальная школа, экологическое воспитание, внеклассная работа, народная педагогика, экскурсии, естественные явления, кыргызская природа, трудовое

воспитание.

**Keywords:** elementary school, environmental education, extracurricular activities, folk pedagogy, excursions, natural phenomena, Kyrgyz nature, labor education.

Учурдагы татаал жана карама-каршы тенденцияларга толгон дүйнөдө экологиялык көйгөйлөр глобалдык масштабга өткөндүгү баарыбызга маалым. Адамзат менен табияттын ортосундагы улам татаалдашып бара жаткан маселелер цивилизациянын негизине коркунуч алып келүү менен көп учурда адамдын жашоосунун мүмкүнчүлүктүрүн алдын ала айтууну татаалдаштырат. Ошондуктан экологиялык коопсуздукка атайын илимдин адистери гана эмес, дүйнө жүзүндөгү жалпы коомчулук абдан чоң көңүл буруп жатышат.

Экологиялык проблемаларды чечүүнүн жемиштүүлүгү айланы чөйрөгө карата руханий-адептик мамиле кылууга тарбиялоо учурунда тандалып алынган максатка ылайык болот. Биз өз изилдөөбүздө айлана чөйрөнү коргоо, сактоо иш-аракетинин өнүгүү мыйзамдары жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү менен айкалышта иш алып баруу керек деген Ж.К. Аблабекова, Г.Ж. Байышова, А.М. Мурсалиев, Т.З. Ниязов, А.Б. Шамшиев, Р.Ж. Дөөлөтбакова, М.Г. Думанаева, А.М.Каролова окумуштуулардын жалпы жыйынтыктарын колдондук [1, 3]. Башкача айтканда, С.К. Рысбаевдин башталгыч класстардагы окуучулардын жаратылыш жөнүндө практикалык иш-аракети, окуучулардын жаратылыш кубулуштарына жана предметтерине карата болгон мамилелерин ачык жана так чагылдырган иш-аракетин эсептөөбүз керек деген оюна кошулабыз [8].

Табияттын реалдуу кубулуштарын жана объектилерин таанып билүү жана үйрөнүү окутуунун акыл-насаат мүнөзүндөгү усулдары менен эле ишке аша бербейт. Жаратылыш чөйрөсүн таанып билүүнүн эң таасирдүү жолдорунун бири – бул башка предметтерге салыштырмалуу "Мекен таануу" сабагында көбүрөөк орун алган өткөрүлүүчү табиятка түздөн-түз байкоо жүргүзүү иштери болуп саналат [1, 2].

Окуучуларды табияттын өзүндөгү нукура сулуулукту кабылдоого, жаратылыш кубулуштарынын эстетикалык жактан ырахат тартуулоо мүмкүнчүлүктөрүн сезүүгө үйрөтүү үчүн аларга ошол кубулуштардын жана нерселердин «көркөм сөз жүзүндөгү сүрөттөрүн" тартуу боюнча тапшырмаларды сунуштоо жакшы натыйжаларды берет. Алардын чыгармачылык активдүүлүгүн арттыруу үчүн жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, жамгырды, күндү, күн желесин, ландшафт өңдүү табият кубулуштарын көркөм сөз аркылуу баяндап түшүндүрүү боюнча конкурстарды өткөрүүгө болот. Ушундай тапшырмалар башталгыч класстын окуучуларындагы табият тууралуу түшүнүктөрдүн туура калыптанышы, алардын эстетикалык сезимдеринин өсүшү жана табият менен таттуу мамиледе болууга карата кызыгууларынын өркүндөшү үчүн зор мааниге ээ болот.

Окуучуларга табият кубулуштарын өз алдынча байкоону уюштуруу боюнча мектеп программасын жана алардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен элдик педагогиканын негизинде даярдалган атайын тапшырмалардын тарбиялык таасири өтө зор . Мындай тапшырмаларды түзүүдө жаратылыш кубулуштарын жана объектилерин туура тандоо өзгөчө маанилүү. Бул тапшырмалардын айрымдарын экскурсияга чыгар алдында, кээ бирин экскурсия учурунда берүүгө болот. Мында мугалим окуучулардын көңүлүн кыргыз жергесиндеги жаныбарлар жана өсүмдүктөр тууралуу фольклордук материалдарды жыйноого эле эмес, жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжаларын анализдөөгө, элдик адабияттагы алар тууралуу айтылган ойлордун акыйкаттыгын же бай түшүнүктөргө

негизделгендигин аныктоого жана андан өз алдынча тыянак чыгарууга үйрөтүүгө да багыттоого тийиш.

Ар бир мезгилдин келиши менен жаратылышта өзгөрүүлөр болуп, окуучулардын байкоо жүргүзүү иштерин уюштуруу үчүн өзгөчө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Мисалы, жаз мезгилинин сулуулугу жана анын балдардын жашоо турмушундагы мааниси тууралуу П. Дүйшөнбаев жана М. Дүйшөнбаев: "Табияттын жандануу процессинин улуу сырларына сүңгүп кирип, анын сулуулугун баланын өз көзү менен көрүүсүнөн мен өтө зор тарбия берүүчүлүк мазмунду көрүп турам. Табияттын сулуулугуна наристе канчалык сүңгүп кирсе, анын сонундукту кабылдоого карата болгон аракети ошончолук күчөйт", - деп жазышкан [3, 242].

Экинчи класстын окуучулары үчүн "Күздүн өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоосундагы мааниси" деген темада жүргүзүлгөн экскурсияда жандуу жана жансыз жаратылыштагы күз мезгилиндеги кездешкен өзгөрүүлөр менен балдарга маалымат берүү, бул өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктоо, жаратылышты таанууга болгон балдардын кызыгуусун ойготуу, деги эле жандуу жаратылышка жапакеч мамиле жасоого үйрөтүү сыяктуу бир катар максаттар коюлган.

Ушул экскурсияны уюштуруу учурунда балдар жаныбарлар жана өсүмдүктөр тууралуу көп кырдуу макал-лакаптарды, табышмактарды жана жаңылмачтарды топтошот. Андан кийин балдар топтогон өсүмдүктөр менен жаныбарлардын сүрөттөрү ошол макал-лакаптар менен бирге "Күздүн бир күнү" деген темадагы класстык бурчту кооздоодо пайдаланылды. Жаратылышты эстетикалык жактан кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында жаратылыш тууралуу кыргыз жазуучуларынын жаратылыш тууралуу чыгармаларын окуу, ролдоштуруу тапшырмасы берилет, класстык жаратылышты коргоо бурчтары шөкөттөлүп, ар бир окуучу өздөрү жараткан чыгармаларында туулган жердин кооздугун даңазалаган жазуучулар, сүрөтчүлөр жөнүндө баарлашуу иштери жүргүзүлөт. Экскурсияга чыгуу алдында класстагы окуучулар менен көрсөтмөлүү аңгеме-дүкөн жасалып, анын уюштуруунун болжолдуу программасы, максаты тааныштырылып, жаратылышта жүрүүнүн талаптары тууралуу атайын эскертүүлөр ар бир окуучуга таратылат. Анда жаратылыштын жансыз объектилерине, өсүмдүктөргө жана жаныбарларга аяр мамиле жасоо зарылдыгы эскертилет.

Экинчи класстар үчүн жүргүзүлгөн бул экскурсияда аба ырайынын алмашуусуна байкоо жүргүзүү, жандуу жаратылышта кандай кубулуштар болгонун түшүнүү, канаттуулардын жана курт-кумурскалардын жашоосуна байкоо жүргүзүү, элдин жаратылыш тууралуу тажрыйбаларынын чыныгы турмуштук кырдаалдар менен шайкеш келишин ачыктоо сыяктуу таанып билүүчүлүк багыттагы максаттар коюлат. Жүргүзүлгөн экскурсия курчап турган чөйрөгө камкор мамиле жасоо талаптарын анализдөө, педагогдун жыл мезгилдери жана айлардын эски аталыштары тууралуу уламыштарды, жансыз жаратылыштагы кубулуштарды байкоо, жаныбарларды, канаттууларды, курт-кумурскаларды, дарактарды, бадалдарды, гүлдүү чөптөрдү көрүү, баарлашууларды уюштуруу сыяктуу ирettүү уюштурулушу керек.

Бүтүндөй эле экскурсиянын жүрүшүндөгү тапшырмалардын жана берилген суроолордун негизинде мугалим окуучулар менен жаратылыш кубулуштары жана предметтери тууралуу байкоолорун талкуулап, күз мезгилиндеги кубулуштар тууралуу визуалдуу ой жүгүртүүлөрүнүн өнүгүүсүнө жардам берет, жаныбарларды аяганга үйрөтүп, аларды асыроо керектигине ынанышат. Элдик педагогиканын каражаттарын класстан

сырткаркы иш-аракеттерде колдонуу анын маңызын күчөтүүгө шарт түзөт. Балдардын айлана чөйрөнүн кооздугун байкап сезүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдө жана жаратылышка аяр мамиле жасоого педагогдун үйрөтүү иштери өзгөчө мааниге ээ.

Балдардын жаратылыш жөнүндө түшүнүктөрүн өнүктүрүү үчүн алардын өздөрү жүргүзгөн байкоолордун натыйжаларын түшүндүрүүгө жана аны негиздер күнүмдүк жашоодо колдонууга машыктыруу абзел [4]. Ошондуктан эксперименттик класстарда экскурсиядан алынган, топтолгон маалыматтарды окуучулар ырлар, жомоктор, уламыштар менен бирге үйрөтүлүүчү билимдердин курамына кошуу зарыл. Ушул максатта программага, календарлык тематикалык планга ылайык "Кыргызстанымдын жаратылышы", "Жаныбарлардын керемети" өңдүү жаратылыш бурчтарын толуктап туруу максатка ылайык.

Мындан тышкары, педагог жаратылыш тууралуу экскурсия учурундагы ой жүгүртүүлөрдү, кабыл алууларда жана сезимдерди күндөлүк баракка түшүрүүнү же атайын экологиялык жазуу дептерин ачууну сунуштайт. Баллардын жандуу жаратылыштын өкүлдөрүнүн сүрөттөрүн ушул экологиялык атайын китепчелерге, альбомдорго тартып, алар жөнүндө көп кырдуу макалдарды, түшүнүктөрдү күндөлүк баракчага түшүрүү максатка ылайык. Ушул сыяктуу күндөлүк баракчаларды жана китепче, альбомдорду толуктоодо балдар жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө ар көп кырдуу фольклордук чыгармалардагы маалыматтарды, журналдардан кыркып алынган, интернет баракчаларынан алынган турдүү жаныбарлардын сүрөттөрүн, макеттерин ж.б. колдонсо болот.

Жаратылыш кубулуштарын жана адамдардын эмгек иш-аракеттерин байкоо тууралуу толукталган күндөлүк баракчалар жаратылышка карата болгон эмоциялык-эстетикалык типтеги өз ара байланышуунун жаралышында негизги роль ойнойт [5]. Үйрөтүлүп жаткан жаратылыш таануучулук маалыматтарды иликтөөдө маанилүү мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул күндөлүк баракчасында башталгыч класстарда талап кылынган жандуу жана жансыз жаратылыштагы нерселердин, өзгөрүүлөрдүн такталган чөйрөсү тууралуу ырааттуу уюштурулган байкоолорунун жыйынтыгында топтолгон материалдарды кундөлүк баракчага түшүрүп, жаратылышта болуп жаткан кубулуштарды белгилеп туруу талап кылынат.

Бул күндөлүктөр баракчаларды толуктоодо балдардын экологиялык түшүнүктөрү, ой жүгүртүүлөрү кеңийип, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзө турган өзгөчө көнүгүүлөрдү сунуштоо зарыл. Бул ишмердүүлүктүн уюштурулушунда күндөлүк баракчаны толуктоодогу маалыматка жараша оңдоолордун да зарыл экендиги аныкталды. Маселен, экинчи класстын окуучуларына курт-кумурскалардын жашоосун сүрөттөй турган эки элдин ырым-жырымын жазып, анын чындыгын жаратылышка карата уюштурулган байкоолордун натыйжасына окшоштуруу менен көз жүгүртүп көргүлө деген сыяктуу көнүгүүлөрдү берүүгө болот. Мындан башка үйдө аткарылуучу көнүгүүдө гүлдүү өсүмдүктөрдүн сүрөтүн тартуу же макетин түшүрүү эле эмес, ошол гүлдөр тууралуу табышмактарды эстөө, ал гүлдөрдүн өзгөчөлүктөрүң аныктоо, жыл мезгилдери тууралуу уламыштардагы ишенимдерди билип келгиле деген кошумча максаттарды коюу зарыл.

Жаратылыш таануучулук типтеги экскурсиялар адам иш-тажрыйбасынын кабыл алуучулук, эстетикалык, адептик жана башка сапаттарын өз ичине камтыйт. Ошондуктан ал предмет аралык байланышты бекемдөөчү негизги курал болуп саналат. Башталгыч класстарда берилүүчү предметтердин арасындагы өз ара байланыштуулукту жаратууда балдардын - сүрөт, музыка, кыргы тили, адабий окуу предметтеринде жогорку бааныпбилүүчүлүк билим, билгичтик, көндүмдөрүн системалаштырууга шарт түзүлөт. Ошол эле мезгилде балдардын экологиялык түшүнүктөрү тереңдейт жана бул окутулуп жаткан

сабактардагы өтүлүүчү жаратылыш таануучулук маалыматтарды кенен үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Жаратылыштын кооздугун табигый көрүнүшү кандай болсо, дал ошондой кабылдоо окуучулардын көңүлүн кубанычка байыткан, түшүнүгүн өнүктүрүп, толуктоого, үйрөнгөнү жөнүндө курдаштары менен баарлашууга, талкууга катышууга шыктандырат. Педагогикалык ишмердүүлүктүн аткарылышында кыргыз тили предметинде "Жаздын бир күнү бир жылга тете" - деген темада аңгеме, чакан көркөм чыгарма жазуу тапшырмасы берилет [7]. Ал тапшырмада 3-класстын окуучусунун бул темада жазган аңгемесине анализ берилет.

Коомдук жемиштүү жумушта окуучулар өздөрүнүн адептик мүнөзүн калыптандыра турган тажрыйба топтошуп, жаныбарлар жана өсүмдүктөрдү ар дайым коргоого, сактоого үйрөнүшөт. Бул сыяктуу ишмердүүлүктүн жыйынтыгында окуучулар жаратылыштын кооздугун сезе билүүгө көнүгүшөт, анын адам жашоосундагы мазмунун андап түшүнүп, жаратылыш байлыктарын даңазалоо жөнүндө аткарган иш-тажрыйбаларынын жыйынтыгын ырахаттануу менен таасирдүү курдаштары менен талкуулашат. Башталгыч класстын окуучуларынын жаратылышты таануучулук иш-тажрыйбаларын экологиялаштыруу жандуу жана жансыз жаратылыштын бири-бири менен болгон байланышынын түпкү башатын түзгөн объктивдүү жаратылыш таануучулук позициянын өнүгүшүнө түрткү болот. Эксперименттик класстардын педагогдору балдарды жаратылыштын байлыктарын турмушта колдонуудагы жалпы жана типтүү маселелер жана туулган жердин жаратылышын сактоо тууралуу аткарылган ишмердүүлүктөр жөнүндө маалымат алууга таасирдүү көңүл бөлүүсү максатка ылайык [5].

Эксперимент жүргүзүүнүн жыйынтыктары класстагы эмгекке тарбиялоо жана жаратылышты коргоого багытталган ишмердүүлүктүн пландарында камтылуусу зарыл. Окуучуларга берилүүчү маалыматтар менен бирге, анда эмгектенүү учурунда кыргыз элинин оюн учурунда таратылуучу таркатма жана көрсөтмө куралдар даярдалып, өсүмдүктөр жөнүндө элдик ырлар, табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар камтылышы максатка ылайык.

Айлана чөйрөгө жапакеч, аяр мамиле кылууга балдарды үйрөтүү үчүн педагогдор балдар менен чогуу жоголуп бараткан жергиликтүү жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү, дарылык касиети бар өсүмдүктөр менен жакындан таанышат, рамашка гүл, ит мурун, карагаттын түрлөрү, чычырканак өңдүү өсүмдүктөрдөн топтолгон коллекциялык биримдиктерди топтоштурушат.

Кыргыз жергесинин тоолорунда өскөн жапайы кожогат, зире, сейдана, сарымсак, тоо пияз, чие сыяктуу жок болуп бара жаткан өсүмдүктөрдү коргоо зарылдыгы, аркар от, кийик от, жалбыз, чүкүрү, ак кодол сыяктуу өсүмдүктөрдүн дарылык касиетин балдарга педагог ар түрдүү мисалдарды келтирүү менен түшүндүрөт [6, 7].

Башталгыч класстарда жаратылышты сактоого багытталган иш-аракетке активдүү катышпай, ары-бери басып жүргөн окуучуларга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Мындай балдарды коомдук пайдалуу иштергешыктандыруу, кызыктыруу максатында педагогдор алардын класстагы экологияга болгон тарбиясы алдыңкы балдар менен чогуу чакан оптордо иш алып барууга аракет кылат. Ошондой эле балдарды атайын топторго бөлүп, жогорку класстардын балдары менен чогуу өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрүн сактоо тууралуу экскурсияларга катыштыруу, эмгек ардагерлеринин үйлөрүнүн алдына ар түрдүү көчөттөрдү отургузуу

жумуштарына тартуу, өсүмдүктөр тууралуу макал-лакаптарды топтоо жумуштарына аралаштыруу да керек.

Мугалим жаратылышты өнүктүрүү жана аны коргоо иш-тажрыйбаларында айрым гана жигердүүлүктөрүн көрсөткөн, көпчүлүк учурда аткаруучу гана позицияда болгон балдардын демилгелерин колдоп, аларды өз алдынча, аң-сезимдүү түрдө ушундай иш-тажрыйбаларга катыштырууга багыттайт. Педагогдор ушундай балдардын аткарып жаткан ишмердүүлүктүн маңызын толук кандуу түшүнүп билүүсүнө өбөлгө түзүп, ар бир коомдук ишмердүүлүктөргө бул окуучуларду көбүрөөк тартуумилдети коюлат. Маселен, педагог балага өзүндүн бир тууганың үчүн "Тоолордогу дарылык касиети бар чөптөр жөнүндө" деген китепче түзүп кел деген көнүгүү берүү ала окуучунун бул багыттагы түшүнүгүн, көндүмдөрүн калыптандырууга эң эле зор мүмкүнчүлүк түзөт. Ал эми 3-класстын окуучулары жаратылышты коргоо бурчу үчүн төмөнкүдөй макалдарды топтошкон: Эл эмгегин жер жебейт, Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат, Дарак бир жерден көгөрөт, Ат адамдын канаты, Эл - эне, жер – ата, Коён өз өлкөсүнөн коркот, Коёнду камыш, эрди намыс өлтүрөт.

Мектеп окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо жайкы жана кышкы эс алуу мезгилдериндеги табият таануучулук ишмердүүлүгү аркылуу да ишке ашат. Бул бүтүндөй эле окуу жылында өткөрүлгөн практикалык иш менен тыгыз байланышта болот. Коомдук пайдалуу эмгек табият таануу илимине киришүү боюнча жайкы тапшырмаларды аткаруу менен бирдикте уюштурулат жана өз ичине: жандуу жана жансыз табияттын кубулуштарына жана объектилерине байкоо жүргүзүү (талаада, огороддо, бакта), өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашоосуна байкоо жүргүзүшөт. Табияттагы ар кандай мөмө-жемиштерди, өсүмдүктөрдүн уруктарын, жалбырактарын жана дарылык касиети бар чөптөрдү жыйноо, көчөттөрдү огородго отургузуу, көчөлөрдөгү, сейил бактардагы, жакын арадагы табигый чөйрөдөгү бак-дарак, түрдүү өсүмдүктөрдү асыроо, табигый эстеликтерди табуу жана коргоого алуу өңдүү иш-чараларды камтыйт.

Башталгыч класстардагы окуучуларды эмгекке тарбиялоодо аткарылуучу иш тажрыйбанын максаты менен тааныштырып, балдарга эмгек бул адамдын өнүгүүсүндө негизги роль ойноору тууралуу баарлашуу, түшүндүрүп айтып берүү, табышмактатып айтып берүү сыяктуу ыкмалар менен баяндоосу зарыл. Аталган ишмердүүлүктө жаратылышты коргоо бурчтары, каттоо барактары, дубал гезеталар, көргөзмө куралдар, түрдүү элдик оюндар, сынактар, жарыштар колдонулат. Мындан тышкары, эксперименттик класстарда жаратылышты сактоо тууралуу баарлашууларды уюштуруу салттуу түрдө жыл сайын өтүүсүнө көмөктөшүүдө фольклордук чыгармалардагы маалыматтар кеңири пайдаланылат.

Мындай ишмердүүлүктөр балдардын экологиялык түшүнүктөрүн, кабылдоолорун эске алуу менен сабактарда, экскурсия мезгилинде жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууда өзүнүн мыкты жетишкендиктерин көрсөтөт. Бул учурда балдар кандай жагдайда жайкы каникулду өткөрөрүн, бардык эле окуучулардын эмнеге шыктуулугун жана эмнеге көбүрөөк кызыккандыгын эске алуу талапка ылайык. Эмгекке балдарды тарбиялоодо ата-энелер эле эмес, айылдын улуу өкүлдөрү, коңшулар да катышуусу бул процесстин жемиштүүлүгүн камсыз кылат.

Окуу жылынын жыйынтыгында эксперименттик класстарда бул сыяктуу иш-тажрыйбаларды жогорку деңгээлде жүргүзүү тууралуу балдарга жайкы каникулда кандай тапшырмаларды аткаруу керектигин жөнокөй тил менен түшүндүрүп берүүсү зарыл. Педагогдор бул учурда ар кандай сүрөттөрдүн көргөзмөсүн уюштуруу менен жай мезгилине

тиешелүү өзгөчөлүктөрдү балдардын эсине салып, ал менен байланышкан жаратылыштын өзгөрүүлөрүнө окуучулардын көңүлүн бурдуруп, жай мезгили жөнүндө ар кандай уламыштарды, чыгармаларды окуп, анализдөө, өз пикирин билдирүү боюнча тапшырмаларды аткаруу сунушталат, байкоо жүргүзүүнүн пландарын жана жаратылыш өзүн алып жүрүү эрежелери тууралуу эстетилүүчү баракчалар таратылат.

Жайкы эс алуу учурунда балдар "Жай мезгилиндеги өзгөрүүлөр" - деген темадагы класстык бурчту кооздоо үчүн түрдүү пейзаждык сүрөттөрдү, макал-лакаптарды, табышмактарды, ырымдарды топтоону улантышат. Бул класстык бурчка окуучулар чогулткан фольклордук материалдар жана жай мезгилиндеги жаратылыштын өзгөрүүсү тууралуу тарткан сүрөттөрдүн, жасалган макеттердин мыкты деп табылгандары коюлат. Педагог кээ бир учурда балдарга жаратылышты коргоо тууралуу айтылган ойлорду, фольклордук материалдарды топтоо үчүн бир аз татаалыраак көнугүүлөрдү берет [8].

Балдардын флоранын көп кырдуу түрлөрүнө карата уюштурулган байкоолорун жандандыруу максатында "Элдик акылмандык жыйнактар" деген темада атайын китепче түзүү, ал китепчеге балдар тарабынан жыйналган өсүмдүктөргө тиешелүү элдик түшүнүктөр киргизилет. Жайкы эс алуу мезгилинде башталгыч класстын окуучулары бактарда, бакчаларда эле эмес, жайлоодо, токойлордо, кыргызстандын башка аймактарында да өз байкоолорун уюштуруусу керек.

Жаратылыш менен тыгыз мамиледе болууда өсүмдүктөргө, жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына байкоо жүргүзүү менен балдар кызыккан суроолоруна жооп алууга аракеттенишет. Бул окуучулардын экологиялык түшүнүктөрүнүн кеңейишине мүмкүнчүлүк түзүп, жаратылышты сактоо жөнүндө уюштурулуучу ишмердүүлүктөрдү туура кодонууга мүмкүндүк берет. Жаратылыш менен жигердүү мамиледе болуу балдардын жаратылыш кубулуштарына жана предметтерине болгон аёо сезимин ойготуп, кызыгууларын жандандырат. Туулган жерди сүйүү, кадырлоо, көздүн карегиндей сактоо жорорудагы иш-аракеттер аркылуу ишке ашат [8, 152-б.]. Балдар жаратылыш тууралуу ачык белгиленген элдик учкул сөздөрдү, табышмактарды, жаңылмачтарды кайталап, бул ишмердүүлүк балдардагы курчап турган чөйрөгө болгон эмоциялык-эстетикалык кабылдоо көндүмүн өстүрөт.

Жаратылышка болгон кызыгуу балдарды жаратылышты коргоо тууралуу түрдүү иш-тажрыйбаларга катышуусуна өбөлгө түзүп, экологиялык билимдерин калыптандырат. Мындан тышкары, балдарда өз алдынчалуулук, эмгекти барктоо, тактап айтканда бардык эмгектин жемиштүү болушуна аракет кылуу, педагог тарабынан берилген тапшырманы жоопкерчилик менен аткаруу, жаратылыш байлыктарын сактоого аракет кылуу сыяктуу инсандык сапаттар калыптанат.

Жаратылышка болгон кызыгуу балдарды жаратылышты коргоо тууралуу түрдүү иш-тажрыйбаларга катышуусуна өбөлгө түзүп, экологиялык билимдерин калыптандырат. Мындан тышкары, балдарда өз алдынчалуулук, эмгекти барктоо, тактап айтканда бардык эмгектин жемиштүү болушуна аракет кылуу, педагог тарабынан берилген тапшырманы жоопкерчилик менен аткаруу, жаратылыш байлыктарын сактоого аракет кылуу сыяктуу инсандык сапаттар калыптанат.

Башталгыч класстын окуучуларын ар кандай коомдук иштерге катыштыруу, алардын жаратылышка болгон мамилелериндеги көз караштардын өзгөрүүсү эксперимент катары жүргүзүлгөн тажрыйбанын маңызын тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Айлана чөйрөнүн сырларын өздөштүрүүгө кызыктар мезгилде инсандын аң-сезиминде жаратылышка кайдагер

мамиле кылбай турган мыкты иш-чара - бул маңыздуу, жемиштүү эмгек экенин малчылар, дыйкандар жана байыркы элдин тажрыйбасы да тастыктайт [10]. Башталгыч класстын окуучуларынын практикалык иш-аракетин пландаштыруудагы натыйжалуу жетишкендиктерге умтулуунун негизги өбөлгөсү болуп:

- мекен таануу багыты жөнүндө ырааттуу уюштурулган иш-тажрыйбаларды өткөрүү;
- өлкөдө жаратылыштысактоо жөнүндө жыйналган тажрыйбаларды, салт-санаалары, экологиялык таалим-тарбия берүү процессинде, жаратылышты таануучулук иш-тажрыйбаларда балдардын курактык кабылдоосуна ылайык системалуу мерчемдөө;
- жаратылышты сактоого тиешелүү коомдук иш-чаралардын ар түрдүүлүгүнө биринчи класстан тартып эле жеке жана топто атайын пландаштырылган көнүгүүлөрдү аткартуу, ошондой эле ушул өңдүү иш-чараларды убакыттын өтүшү менен кеңейтүү;
- жаратылыштын кубулуштарын өздөштүрүүдө шаардын, айылдын, өлкөдөгү бардык мектептер менен болгон карым-катнашты күчөтүү.

Башталгыч класстын окуучуларына экологиялык таалим-тарбия берүү тууралуу уюштурулган ишмердүүлүктүн натыйжасын талдоодо жаратылышты таануу апталыгы, токойлорду, бактарды аздектеп коргоо жөнүндө атайын ишембиликтерди, сынактарды, кечелерди, көргөзмөлөрдү класстан тышкаркы иш-тажрыйбаларды пландаштыруу шарт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Аблабекова Ж.К. Башталгыч класстын окуучуларында алгачкы экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун педагогикалык негиздери: пед. ил. канд. ... дис. - Бишкек, 2010.
2. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б., 2001. – 44 б.
3. Байышова Г.Ж. Мектептердин башталгыч класстарынын сабактан тышкаркы иштеринде элдик салттар аркылуу экологиялык тарбиялоонун илимий негиздери: пед. ил. канд. ... дис. - Бишкек, 2010. - 150 б.
4. Дүйшөнбаев П., Дүйшөнбаев М. Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы. – Бишкек: Шам, 2005. – 305 б.
5. Бекбоев И. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б.: “Бийиктик”, 2011. – 384 б.
6. Мурсалиев А.М., Ниязов Т.З., Шамшиев А.Б. Жалпы экология. - Бишкек: Турар, 2010. - 486 б.
7. Дөөлөтбакова Р.Ж., Думанаев М.Г., Каролова А.М. Мамлекеттик тил жана экологиялык укук // Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы, 2022, № 1(109). – 72-78 бб.
8. Рысбаев, С.К. Кыргыз окуучулар фольклорунун педагогикасы: Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. – Б.: Билим Куту, 2006. – 367 б.
9. Иптаров С., Кулматов Н. Адеп билими: Усулдук колдонмо. – Б., 2000. – 152 б
10. Жуматаева А.С. Муундар аралык мамиленин теориялык негиздери // Вестник КРСУ 2020, № 2. Том 20. - 172-177 бб.